**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИНЕ
КАРАШТУУ ОТУН-ЭНЕРГЕТИКАЛЫК
КОМПЛЕКСИН
ЖӨНГӨ САЛУУ БОЮНЧА
ДЕПАРТАМЕНТ**

**ДЕПАРТАМЕНТ
ПО РЕГУЛИРОВАНИЮ
ТОПЛИВНО-ЭНЕРГЕТИЧЕСКОГО
КОМПЛЕКСА ПРИ
МИНИСТЕРСТВЕ ЭНЕРГЕТИКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК

14 май 2024-жыл № 74 Бишкек ш.

## Электр энергиясын керектөөчүлөр – алып кайра сатуучулар үчүн электр энергиясына тарифтер жөнүндө

«Энергетика жөнүндө», «Электр энергетикасы жөнүндө», «Кыргыз Республикасындагы табигый монополиялар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 30-сентябрындагы №192 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын 2021-2025-жылдарга карата электр энергиясына орто мөөнөттүү тарифтик саясатына жана электр энергиясына тарифтерди колдонуу боюнча нускамага, Кыргыз Республикасын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы № 83 токтому менен бекитилген чарба жүргүзүүчү субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызматтарына) бааларды (тарифтерди) аныктоо тартиби жөнүндө жобого, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 20-декабрындагы № 320 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департамент жөнүндө жобого, Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин 2021-жылдын 15-апрелиндеги №15-32 протоколдук тапшырмасынын 2-пунктуна, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин 2023-жылдын 11-декабрындагы № 01-13/253 «Кыргыз Республикасынын энергетика секторун башкарууну мындан ары реформалоо жана оптималдаштыруу жөнүндө», Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин 2024-жылдын 30-апрелиндеги № 61 «Акыркы керектөөчүлөр үчүн электр энергиясына тарифтер жөнүндө» буйруктарына ылайык, ошондой эле отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу маселелери боюнча комиссиянын 2024-жылдын 14-майындагы № 06/19 протоколдук чечимин эске алуу менен **буйрук кылам:**

1. Тарифтерди эсептөө үчүн колдонулуучу электр энергиясын керектөөчүлөр – алып кайра сатуучулардын 2024-жылга жыйынды техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрү ушул буйруктун 1-тиркемесине ылайык бекитилсин.
2. 2024-жылдын 1-майынан тартып «Кыргызстан улуттук электр тармактары» ААК үчүн электр энергиясын керектөөчүлөр – алып кайра сатуучуларга берилүүчү электр энергиясына тарифтер ушул буйруктун 2-тиркемесине ылайык өлчөмдөрдө белгиленсин.

3. Электр энергиясына тарифтерди белгилөө үчүн берилген техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрдүн толуктугу жана тууралыгы үчүн жоопкерчилик электр энергиясын керектөөчүлөр - алып кайра сатуучулардын жетекчилерине жүктөлсүн.

4. Электр энергиясын керектөөчүлөр – алып кайра сатуучулар:

- акыркы керектөөчүлөргө электр энергиясын берүүдө Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин 2023-жылдын 30-апрелиндеги № 61 «Акыркы керектөөчүлөр үчүн электр энергиясына тарифтер жөнүндө» буйругу менен бекитилген тарифтерди колдонсун;

- Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментке ай сайын иш жүзүндөгү техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрдү берип турсун.

5. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин 2024-жылдын 12-январындагы № 11 «Электр энергиясын керектөөчүлөр – алып кайра сатуучулар үчүн электр энергиясына тарифтер жөнүндө» буйругу күчүн жоготту деп табылсын.

6. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин тарифти жана бааны жөнгө салуу башкармалыгы ушул буйрукту аткаруу үчүн «Кыргызстан улуттук электр тармактары» ААКтын, электр энергиясын керектөөчүлөр–алып кайра сатуучулардын даректерине жөнөтсүн.

7. Маалымат катчы ушул буйрукту жалпыга тааныштыруу үчүн Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин расмий сайтына жарыяласын.

8. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин директорунун орун басары Г.И. Хасеновага жүктөлсүн.

**Директор** **Т. Э. Орозалиев**

**КР ЭМге караштуу ОЭКти жөнгө салуу боюнча департаменттин**
**2024-жылдын « 14 » майындагы № 74**
**буйругуна 2-тиркеме**

**Электр энергиясын керектөөчүлөр-алып кайра сатуучулар үчүн электр энергиясына тарифтер (салыктарды эсепке албаганда)**

| к № | Электр энергиясын керектөөчүлөр – алып кайра сатуучулардын аталышы | "КУЭТ" ААКтын сатуу тарифтери (тыйын/кВтс) |
|---|---|---|
| 1 | «Кыргызжылуулукэнергия» мамлекеттик ишканасынын «Кара-Балтадагы электржылуулук менен жабдуу жана суу беруу ишканасы» филиалы | 354,52 |
| 2 | Кыргыз Республикасынын Президентинин иш башкармасына караштуу «Кыргызстройсервис» мамлекеттик ишканасынын «Ак-Кеме энерго» филиалы | 207,07 |
| 3 | «Келечек» ЖАК | 224,97 |
| 4 | «Шерой» ЖЧК | 92,05 |
| 5 | «Ак-Тулпар» ЖЧК | 102,96 |
| 6 | «Олимп энерджи» ЖЧК | 89,70 |
| 7 | «Бек-Строй Плюс» ЖЧК | 86,41 |